“БЕКИТЕМИН”
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик
университетинин ректору,
филология илимдеринин доктору А.Т. Абдраева
________________
“28” 06 __________ 2023ж.

**Амантур уулу Эдилбектин “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” аттуу темадагы 07.00.03-жалпы тарых боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча “Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык, укуктук дисциплиналар” кафедрасынын жыйынынын 2023 жылдын 28-июнь №10 протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**КАТЫШКАНДАР:** Өмүрова Ж.К. – кафедра башчысы, тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), Алымкулов К.А, – тарых илимдеринин кандидаты, доцент (01.00.01), Курумбаева Г.Д. – тарых илимдеринин кандидаты, доцент (07.00.02), Курбанова Н.У. – тарых илимдеринин доктору, профессор (07.00.02), Кана Айдаркул – тарых илимдеринин доктору, профессор (07.00.03), Зайниев Р.А. – тарых илимдеринин кандидаты, доцент (07.00.02), Карасартова Ч.Ж. – тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), Сейдакматов М.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01), Бекбоева А.К. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.11), Бакеева Б.З. – тарых илимдеринин кандидаты, доцент (07.00.02), Курманалиев К.А. – ага окутуучу, Баястанов Н.М. – ага окутуучу.

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

**Угулду:**

1. Амантур уулу Эдилбектин “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” 07.00.03-жалпы тарых боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын кафедрадан алдын ала коргоо жана талкуууга алуу.

**УГУЛДУ:**

**т.и.к., доценттин м.а. Өмүрова Ж.** – Урматтуу кесиптештер, Амантур уулу Эдилбектин “XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” 07.00.03-жалпы тарых боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыктыңыздар. Диссертация боюнча менин пикирим төмөндөгүдөй:

Диссертация 3 баптан 8 бөлүмдөн, колдонулган адабияттардан жана практикалык сунуштардан турат. Диссертациянын объетиси6 исламдагы мамлекетүүлүк маселелери. Ал эми изилдөөнүн предмети катары ислам мамлекеттүүлүгүнүн XX кылымдыгы эволюциялык багыттарын караган.

Диссертациянын актуалдуулугу боюнча эмгек эл аралык мамилелердин байланышы болуп жаткандыктан жана “ислам мамлекеттүүлүгү” концепциясынын маанилүүлүгүн ачып көрсөтүү экендигинде. Ошондой эле ислам мамлекеттеринин типологиялык проблемаларын изилдөөгө өзгөчө көңүл бургандыгында болуп саналат.

“XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” аталган бул диссертациянын

илимий жетишкендиктери жана негизги мазмуну боюнча маалымат берүү үчүн сөз изденүүчү Амантур уулу Эдилбекке берилет.

**Амантур уулу Э.** – Учурда ислам мамлекеттери эл аралык мамилелердин жана кызматташтыктардын толук кандуу катышуучулары болуп саналат. Дүйнөдө болуп жаткан окуялардын алкагында ислам мамлекеттеринин эл аралык мамилелердеги жана саясат чөйрөсүндөгү таасиринин өсүү тенденциялары «ислам мамлекеттүүлүгү» концепциясына болгон кызыгууну актуалдаштырууда. Акыркы бир нече он жылдыктарда дүйнөлүк мамилелердин бардык деңгээлдеринде байкалган ислам мамлекеттеринин салмагынын өлкөлөр аралык, аймактык, эл аралык, цивилизациялык мааниде өсүү тенденциялары байкалды. XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын башындагы бир катар окуялар исламга байланышкан мамлекеттердин, уюмдардын, топтордун иш-аракети эл аралык деңгээлдеги чыр-чатакка алып келиши мүмкүн экенин жана анын кесепети бүткүл дүйнөлүк коомчулукка таасирин тийгизээри ачык көргөздү. Дүйнө жүзү боюнча мусулмандар чөйрөсүндөгү коомдук тынчтык гана эмес, коопсуздукту глобалдуу деңгээлдеги кыйратуучу мүнөздөгү кыймылдар күчөдү.

Мындай кырдаал чет элдик жана жергиликтүү илимий чөйрөдө ислам жана ислам мамлекеттериндеги мамлекеттүүлүк процесстерине болгон кызыгуунун өсүшүн шарттап, бүгүнкү күндө ислам коомунун, исламдык укуктук жана мамлекеттүүлүктүн көйгөйлөрүн ар тараптуу изилдөөнүн активдешүүсүн байкоого болот.

Акыркы жылдардагы глобалдык өзгөрүүлөргө байланыштуу улуттук мамлекетүүлүктөн поствестфалдык квазимамлекеттүүлүккө өтүү тенденцияларынын шарданындагы көтөрүлүп жаткан исламдагы мамлекетүүлүк феноменинин актуалдуулугун ого бетер арттырууда. Ошону менен катар, азыркы шарттарда ислам мамлекеттеринин типологиялык тиешелүүлүгү проблемасына жетиштүү көнүл бурулбаганы, алардын өлкө жана региондор боюнча универсалдуу классификациясы иштелип чыга электиги дагы бул теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

Ислам мамлекеттүүлүк феномени тарых илиминде аз көңүл бурулган регионалдык жана субрегионалдык өзгөчөлүктөрдүн алкагында өнүккөндүктөн ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый эволюциясын комплекстүү талдоо бул боштукту толтурат.

Туруксуздуктун очогу болгон коңшулаш ислам мамлекеттерине Кыргызстандын аймактык жакындыгы, чөлкөмдөгү туруксуздук өлкөдөгү мамлекеттик-конфессиялык мамилелердин калыптанып жаткан системасына жана конституциялык түзүлүшкө коркунуч келтирген радикалдык диний агымдардын таасири тийишинин, ал эмес өлкөгө киришинин жогорку тобокелдиктерин жаратат. Ошондуктан диний экстремизм менен терроризмдин алдын алуу жана ага каршы туруу иш чаралары ар тараптуу уюштурулушу зарыл. Андыктан, коом, мамлекетүүлүк моделин түптөп бара жаткан Кыргызстан исламдык конфессиянын жашоосуна таасир этүүчү чакырыктарды камтыган, ислам мамлекеттериндеги коомду, бийликти, ар кандай тармактарды уюштуруу формаларын камтыган системаны жакшы түшүнүп билүүсү керек.

Мындан тышкары, Кыргызстан – көп улуттуу жана көп конфессиялуу өлкө, буга байланыштуу карапайым калктын арасындагы ислам динине, ислам мамлекеттүүлүк феноменине болгон оң же терс пикирлердин жана экстремисттик – террористтик уюмдардын ишмердүүлүгү боюнча коомдогу адекваттуу позициянын калыптанышы үчүн ислам мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүн деталдуу изилдөө маселеси келип чыкты.

XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы темасындыгы изилдөө ишиндеги негизги максат катары Ислам өлкөлөрүндө пайда болгон жана бекемделген

мамлекеттүүлүктүн тарыхын талдоо, баа берүү болду. Бул максаттарга жетүү үчүн алдыбызга бир нече милдеттерди койдук: тарыхнамасын иликтеп, терең жана ар тараптуу талдоо жүргүзүү менен алардын негизинде ушуга чейинки илимий эмгектерге баа берип, жетишкендиктери менен өксүктөрүн аныктоо жана мүмкүн болушунча аларды толуктоо; ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздерин аныктап, алардын ичинен илимий негиздүүлөрүн, теманы ачып бере тургандарын жана изилдөө контекстине туура келгендерин колдонуу; изилденип жаткан теманын объектисин, предметин жана методологиясын так аныктап алуу; ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизги формаларын аныктап, алардын айрым өлкөлөрдөгү классификациясын түзүү, ислам системасындагы мамлекетти куруунун негизги концепциясынын калыптанышын изилдөө; мамлекеттик түзүлүштүн шииттик жана сунниттик версияларынын негизги өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү; ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгүн жана ал өлкөдө өкүм сүргөн Имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясына талдоо жүргүзүү; Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекетинин өзгөчөлүгүн көргөзүү; Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекетүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн талдоо.

Диссертациянын структурасы киришүүдөн, 3 баптан, 8 параграфтан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Киришүүдө диссертациянын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталган жана изилдөөнүн жаңычылдыгы киргизилген ошондой эле теориялык-практикалык мааниси, коргоого сунушталган негизги жоболор илимий жаңылыгы жана практикалык натыйжасы аныкталган.

Ал эми диссертациялык иштин мазмунуна учкай токтолсок “Ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн тарыхнаамасы” аттуу параграфында ислам мамлекети, анын пайда болушу жана тарыхы өнүгүшү тууралуу маалыматтар, илимий эмгектерге булакнаамалык жана тарыхнаамалык талдоолор берилди. “Ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык аспектилери“ аттуу экинчи параграфында мамлекетүүлүк түшүнүгүн салттуу илимий көз караш менен исламдагы мамлекет жөнүндөгү концепциялардын айырмачылыгы жана окшоштугу талданды. “Изилдөөнүн объектиси жана предмети” деп аталган параграф изилдөөнүн объектисине, предметине, исламдагы мамлекеттүүлүк маселелери, ислам мамлекеттүүлүгүнүн XX кылымдагы эволюциялык багыттары жана формаларын талдоого арналды. “Изилдөөнүн методологиясы жана методдору” параграфы изилдөөнүн методологиялык ыкмаларына арналды. Изилдөөнүн методологиялык базасы историзм, объективдүүлүк, тарыхый булактарга таянуу жана изилдөөнүн комплекстүүлүгү принциптерине негизделген. “Ислам мамлекеттүүлүгүнүн көп түрдүүлүгү” параграфында ислам мамлекеттүүлүгүнүн формаларынын көп түрдүүлүгүнө талдоо жүргүзүлдү. Азыркы этапта ислам мамлекеттеринин мамлекеттик – укуктук системасы эл аралык мейкиндиктин тез өнүгүү процессинен улам келип чыккан жаңы чакырыктарга, маселелерге жана көйгөйлөргө туш болууда. Албетте, мындай чакырыктарга бардык мамлекеттердин бийлиги жооп берүүгө даяр болуусу керек болгондой эле ислам мамлекеттери да бул багыттагы ишмердүүлүгүн учурдун талаптарына ылайык алып баруусу зарыл. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, исламдын мамлекетүүлүк боюнча диний окуулары эки негизги багытты камтыйт: шиийзм жана суннизм. “Иран Ислам Республикасынын мисалында шиит мамлекеттүүлүгү, Имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясы” экинчи параграфында Иран Ислам Республикасынын түптөлүшү жана өнүгүүсү талданган. 1979-жылдагы ислам революциясынын негизги мурасы – азыркы учурда өлкөнүн жетекчилигине түздөн-түз

таасирин тийгизген ирандык диниятчылардын ишмердүүлүгү. Идеологиялык нормаларды иштеп чыгуу жана колдонуу консервативдүү ой жүгүртүүлөргө олуттуу ыктоо менен ылдам жана белгилүү жол менен баратат. Негизги төмөнкүдөй тыянактарды чыгарсак болот: Ирандын башкаруучу саясий элитасы да, коомдун көпчүлүк бөлүгү да 1979-жылдагы Ислам революциясынын идеалдарына берилген бойдон калууда, оппозиция улам бийликке келген консерваторлорго каршы бирдиктүү аракет кыла алган эмес.

"Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекетинин сунниттик варианты" үчүнчү параграфында XX кылымдагы Сауд королдугунун тарыхы талданды. Араб жарым аралындагы эң чоң өлкө болгон Сауд Аравиясы жер жүзүндөгү акыркы абсолюттук монархиялардын бири. Мамлекет азыркы Сауд Арабиянын негиздөөчүсү, 1932-жылы консервативдүү араб теологу Мухаммад ибн аль-Ваххаб менен альянс аркылуу Араб жарым аралындагы кландарды бириктирген бедуин лидери Абдул-Азиз ибн Абдуррахман ибн Файсал Аль Сауддун атынан аталган. Саудиядагы саясий система 1000 жыл мурун Мухаммед пайгамбар тарабынан түзүлгөн ислам башкаруу системасына негизделген. "Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекетүүлүгүнүн өзгөчөлүгү" аттуу төртүнчү параграфында Түштүк – Чыгыш Азия ислам мамлекеттердин өзгөчөлүгү каралды Түштүк – Чыгыш Азия ислам мамлекеттердин ичинде өзгөчө орунда. Азыркы замандын глобалдуу чакырыктары бул региондогу мамлекеттердин социалдык-саясий өнүгүшүнүн бардык аспектилерине таасир тийгизүүдө. Мындай таасирлер Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү салттуу болгон исламдык башкаруу системасынан Батыш моделине өтүү жана анын күчтөнүшүнө өбөлгө болууда. Анын үстүнө Батышка гана эмес, бул аймакка мүнөздүү салттуу исламга да каршы багытталган радикалдуу исламдык кыймылдар жана ислам терроризминин күчөшү бул өлкөлөрдөгү мусулман чөйрөлөрүнүн активдүү, бирок талаштуу реакциясын жаратууда.

**т.и.к., доценттин м.а. Өмүрова Ж.** –Диссертациянын кол жазмасы кафедранын мүчөлөрүнө алдын ала таркатылган. Барыңыздар таанышып чыктыңыздар, диссертанттын эмгеги боюнча конструктивдүү сын пикирлериңиздерди, сунуштарыңыздарды айтсаңыздар. Урматтуу кесиптештер илимий эмгек боюнча пикириңиздерди жана сунушуңуздарды бериңиздер. Карыбек Алымкулович, сөз сизде.

**т.и.к., доцент Алымкулов К.А.** – Урматтуу коллегалар бүгүнкү талкууга коюлган Амантур уулу Эдилбектин "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" темасындыгы диссертациясына диссертабелдүү жана актуалдуу. Ал эми теманын өзүнө келе турган болсок тема кенен берилген, муну кандайдыр бир тактоолорду киргизүү керек деген сунушту берет элем. Диссертацияга А.А. Абытовдун, А.Алиевдин эмгектерин кошсоң эмгегиңдин актуалдуулугу жогорулайт. Ошондой болсо да диссертацияда каралган Мадина конституциясы жана ислам мамлекеттүүлүгүнүн тигил же бул маселелерин илимий түрдө салыштырмалуу багыт көргөзүү жана жаңы көз караштар менен эмгекте чагылдырып берилгендиги чоң жетишкендик деп эсептейм. Илимий эмгекти толуктоо жана техникалык каталарды оңдоп түзөө менен коргоого сунуштайм.

**доцент Бекбоева А. К.** – илимий эмгекке тарыхчы катары эмес философ катары өз көз карашымды, пикиримди билдире турган болсом, Амантур уулу Эдилбектин "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы"-деген эмгеги боюнча Карыбек Алымкуловичке кошулам. Диссертация негизинен актуалдуу жана азыркы учурда эң керектүү деп эсептейм. Себеби, мектептерде Дин маданиятынын тарыхы предмет катары окуу планына киргизилди жана бүгүнкү күндө бул багытта коомчулукка так

маалыматтарды жеткирүү өзгөчө ролду ойнойт. Ондоп, түзөтүүлөр менен коргоого сунуштайм.

**доценттин м.а. Курманалиев К.А.** – мазмуну боюнча илимий иш 3 баптан (анын ичинде 8 параграфтан) турат. Илимий иште теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, предмети, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, диссертацияда алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси, коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы берилген. Ошол себептен илимий иште теманын актуалдуулугу, максаты, предмети жана обьектиси толук ачылып берилген. Илимий иштин көлөмү, пайдаланылган адабияттардын саны талапка жооп берет. Ошол себептен коргоого сунуштаймын.

**т.и.к., доценттин м.а. Карасартова Ч.Ж.** – Амантур уулу Эдилбектин "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы"- деген илимий диссертациясын толугу менен карап чыктым. Негизинен техникалык каталарды оңдоп, түзөө зарыл.Диссертация кыргыз тилинде жазылгандыктан Глава деген сөздү БАП деп алмаштыруу сыяктуу бир топ каталарды оңдоо керек. I баптын аталышын "Ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздери дана тарыхнамасы"- деп атаса туура болот го деймин. Муну менен катар теманын актуалдуулугун кесиптештерим баса белгилеп кетишти. Мен да кшулуу менен актуалдуулугун бир аз кеңейтип, күчтөндүрүү зарыл. 1-бапта тарыхый булактар менен тарыхнааманы берүүдө бардык маалыматтарды бир системага салуу зарыл. Менимче, бул жерде теманын өзгөчөлүгүнө жараша алгач тарыхый булактардын өзгөчөлүгүнө токтолуп андан кийин, тарыхнааманы топторго бөлүп карап, ал жерге Чыгыш жана Батыш өлкөлөрүндөгү жана орус окумуштууларынын изилдөөлөрүн өз-өзүнчө бөлүп берүүдө системалуулук болот. Ошондой эле ар бир өлкөнүн, изилденип жаткан маселеге карата көз караштарынын өзгөчөлүктөрү менен жалпылыгыктарына талдоо жүргүзүп койсоңуз ишитин баалуулугу артат деген пикирдемин. Жогорудагы кемчиликтерди оңдоп-түзөө менен илимий диссертациялык кеңешке кароого жана коргоого сунуштаймын.

**т.и.к., доценттин м.а. Өмүрова Ж.** – Бүгүн талкуу изденүүчү үчүн жакшы жана пайдалуу өтүп жатат. Изденүүчү айтылган сунуштарды туура кабыл алый туура жакка оңдосо, өтө жакшы диссертация болот деген ойдомун. Ушул боюнча сунушумду жана ой-пикиримди айтып кетсем. Диссертациянын биринчи баптагы ислам дининин мамлекеттик-укуктук идеологиясы жана ичлам мамлекеттериндеги маселелерин кароода чет элдик илимий эмгектерге басым жасалган. Ал эми Ата-мекендик эмгектерге, өзгөчө укук таануучулардын эмгектерине басым жасалган эмес. Мисалы, 20-бетте Ч.Ж. Карасартованын жана К.Т. Алимованын бир нече илимий эмгекги бар деп берилген. Бирок, бирден гана илимий эмгектери көрсөтүлгөн. 68-бетте "историзм методу" деген терминди "тарыхый салыштырмалуулук" деп эле берип жана ушундай сөздөрдү кыргызча мааниси менен берүү туура болмок. Жалпысынан илимий эмгекти жогорудагы кемчиликтерин оңдоо менен диссертациялык кеңештин кароосуна жана коргоого сунуштайм. Урматтуу коллегалар, башка кошумча пикир же сунуштар жок болсо талкууну жыйынтыктоонун алдында диссертантка кайрадан соз берсек.

**Амантур уулу Э.** – Урматтуу талкуунун катышуучулары, сиздердин талкууңуздарга коюлган диссертациянын кол жазмасын окуп, баалуу сунуш-пикирлерди бергениңиздер үчүн ыраазычылык билдирем. Албетте, бир диссертациялык иштин алкагында темага байланыштуу бардык көйгөйлүү маселелерди изилдеп, кароого мүмкүн эмес экен. Анын үстүнө диссертациялык жумушумду алгачкы жолу талкууга коюп жатам. Ошондуктан, сиздер айткан сын-пикирлерди туура кабыл алып, дисссертациялык ишти

мындан ары сапаттуу багытта өзгөртүүгө аракет кылам жана кемчиликтерди жоюуга толук аракетимди жумшайм. Сиздерге дагы бир жолу ыраазычылык билдирем. Баарыңыздарга чоң рахмат!

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин "Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык билими берүү" кафедрасынын Амантур уулу Эдилбектин "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген темадагы 07.00.03 - жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы боюнча

БҮТҮМҮ

**1. Теманын актуалдуулугу.** Ислам мамлекеттүүлүк феномени тарых илиминде аз көңүл бурулган регионалдык жана субрегионалдык өзгөчөлүктөрдүн алкагында өнүккөндүктөн ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый эволюциясын комплекстүү талдоо бул боштукту толтурат. Ошону менен катар, азыркы убакта ислам мамлекеттеринин типологиялык тиешелүүлүгү проблемасына жетиштүү көңүл бурулбаганы, алардын өлкө жана региондор боюнча универсалдуу классификациясы иштелип чыга электиги дагы "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" темасынын актуалдуулугун арттырат.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

- Кыргызстандын тарых илиминде биринчилерден болуп ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхынын проблемалары диссертациялык изилдөөнүн предмети болду;
- Изилдөөнүн жүрүшүндө XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн эволюциясына ар тараптуу талдоо жасалды;
- Ислам мамлекеттүүлүгүнүн маанилүү белгилери жана негизги мүнөздөмөлөрү такталды;
- Ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизги формалары аныкталды, алардын айрым өлкөлөрдөгү классификациясы түзүлдү, ислам системасындагы мамлекетти куруунун негизги концепциясынын калыптанышы чагылдырылды;
- Жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында калкынын басымдуу бөлүгүн мусулмандар түзгөн мамлекеттердеги мамлекеттик түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүн болду;
- Иран Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгү, ал өлкөдө өкүм сүргөн Имам Хомейнинин "Ислам мамлекети" концепциясы жана Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекетинин өзгөчөлүгү изилденди;
- Ислам мамлекеттүүлүгү проблемасын мындан ары илимий изилдөө үчүн практикалык сунуштар берилди.

**3. Диссертацияда алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Иштин жыйынтыгында алынган тыянактар ислам мамлекеттүүлүгү, ислам мамлекеттеринин тарыхы боюнча айрым жетишпестиктерди толуктай алат. Эмгектин жыйынтыктары ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөдөгү кээ бир ажырымдарга бөгөт болот.

Исламдашкан чөлкөмдө жайгашып, калкынын 83% мусулмандар түзгөн исламдык идеология менен баалуулуктар жайылып бараКыргызстан келечектеги мамлекетүүлүк моделин калыптандырууда илимий – теориялык өбөлгө болушу мүмкүн.

Ислам мамлекеттерине карата конфессиялык саясатты жана тышкы саясий чечимдерди иштеп чыгуу үчүн жоопту кесипкөй кадрларды даярдоодо иштин айрым натыйжаларын колдонууга мүмкүн. Мындан тышкары, изилдөөнүн айрым жыйынтыктары мыйзамдарды өркүндөтүүдө дагы колдонулушу шарт.

Изилдөөдө келтирилген корутундуларды жана практикалык сунуштарды диний уюмдардын ишмердүүлүгүн талдоодо жана мониторинг жүргүзүүдө, радикализм маселелеринде, ошондой эле конфессиялар аралык жана улуттар аралык мамилелерди чечүүдө колдонсо болот.

**4.** Изденүүчү Амантур уулу Эдилбектин "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген темадагы 07.00.03 - жалпы тарых адистиги боюнча жазылган тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациянын кол жазмасынын мазмуну 07.00.03 - жалпы тарых адистигинин паспортунун илимий изилдөө багыттарына тура келет.

**т.и.к., доценттин м.а. Өмүрова Ж.** – Урматтуу талкуунун катышуучулары, диссертация менен таанышып чыккан бардык окумуштуулар өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлер диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоо боюнча болду. Ошондуктан изденүүчү Амантур уулу Эдилбектин "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген темадагы 07.00.03 - жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын коргоого сунуштоону колго саламын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: «макул» - бир добуштан, «каршы» - жок, «калыс» - жок.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин "Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык билими берүү" кафедрасынын 2023-жылдын 28-июнунда өткөрүлгөн (протокол №10) жыйыны Амантур уулу Эдилбектин "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасын, аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Амантур уулу Эдилбектин 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча жазылган "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген темадагы кол жазмасы боюнча кафедранын бүтүмү бекитилсин.
2. Амантур уулу Эдилбектин 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча жазылган "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген кол жазмасы ачык коргоого сунушталат.
3. Амантур уулу Эдилбектин 07.00.03 – жалпы тарых боюнча тарых илимдеринин кандидаты адистиги үчүн "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" темасы боюнча кандидаттык минимум кошумча программа бекитилсин.

Жыйындын төрайымы Ж.К. Өмүрова

Жыйындын катчысы М.К. Намазалиева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ